DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2023

## САЯСИЙ ИЛИМДЕРИ
## ПОЛИТИЧЕСКИЕ НАУКИ
## POLITICAL SCIENCES

*Кудаяр кызы Н.*

# «КЫТАЙ-БОРБОРДУК АЗИЯ» ДИАЛОГУНУН АЛКАГЫНДА КЫРГЫЗ-КЫТАЙ КЫЗМАТТАШТЫГЫ

*Кудаяр кызы Н.*

# КЫРГЫЗСКО-КИТАЙСКОЕ СОТРУДНИЧЕСТВО В РАМКАХ ДИАЛОГА «КИТАЙ-ЦЕНТРАЛЬНАЯ АЗИЯ»

*Kudayar kyzy N.*

# THE KYRGYZSTAN-CHINA RELATIONSHIP IN THE FRAMEWORK OF THE DIALOGUE «CHINA-CENTRAL ASIA»

*УДК: 923.5/339.56 (575.2)(510)*

*2023-жылдын 18-19 май күндөрү Кытайдын Сиань шаарында Борбордук Азиядагы беш мамлекеттин президенттери жана Кытайдын лидеринин катышуусунда «Кытай-Борбордук Азия» биринчи саммити болуп өттү. Саммит Кытай менен Борбордук Азия өлкөлөрүнүн кызматташтыгынын жаңы доорунун башталышына түрткү болду. Айыл чарба, транспорт, билим берүү, глобалдык жана аймактык коопсуздук, көзөмөл-өткөрүү пункттарын модернизациялоо жаатында кызматташуу маселелери талкууланып, жаңы диалог форматында мамилелердин өнүгүшүнө импульс берди. Борбордук Азия чөлкөмүнүн Кытай жана Орусия сыяктуу аймакка таасир этүүчү саясий күчтөр үчүн геосаясий баалуулугу жогору экендиги баса белгиленди. Бул макалада "Кытай-Борбордук Азия" диалогунун актуалдуулугу жана мааниси талкууланып, канчалык деңгээлде кыргыз-кытай мамилелеринин өнүгүшүнө таасир тийгизээри талкууланды. Натыйжада, эки тараптуу кызматташтыктын өнүгүү багыттары аныкталып, «Бир алкак, бир жол» демилгесинин соода-экономикалык жана саясий кызматташтыктын негизги өзөгү экендиги белгиленди.*

***Негизги сөздөр:** Кыргызстан, Кытай, диалог, долбоор, кызматташтык, аймактык коопсуздук, модернизациялоо, соода-экономикалык кызматташтык, саясий кызматташтык.*

*18-19 мая 2023 года в китайском городе Сиань прошел первый саммит «Китай-Центральная Азия» с участием президентов пяти стран Центральной Азии и лидера Китая. Саммит положил начало новой эре сотрудничества между Китаем и странами Центральной Азии. Обсуждены вопросы сотрудничества в сферах сельского хозяйства, транспорта, образования, глобальной и региональной безопасности, модернизации пунктов пропуска, что дало импульс развитию отношений в новом диалоговом формате. Было подчеркнуто, что регион Центральной Азии имеет высокую геополитическую ценность для политических сил, влияющих на регион, таких как Китай и Россия. В данной статье рассматривается актуальность и важность диалога «Китай-Центральная Азия», а также то, в какой степени он влияет на развитие кыргызско-китайских отношений. В результате были определены направления развития двустороннего сотрудничества, отмечено, что инициатива «Один пояс, один путь» является основным стержнем двухстороннего торгово-экономического и политического сотрудничества.*

***Ключевые слова:** Кыргызстан, Китай, диалог, проект, сотрудничество, региональная безопасность, модернизация, торгово-экономическое сотрудничество, политическое сотрудничество.*

*On May 18-19, 2023, the first China-Central Asia Summit was held in Xi'an, China, with the participation of the presidents of the five Central Asian countries and the leader of China. The summit launched a new era of cooperation between China and Central Asian countries. Issues of cooperation in agriculture, transport, education, global and regional security, modernization of border crossing points were discussed, which gave impetus to the development of relations in a new dialogue format. It was emphasized that the Central Asian region has a high geopolitical value for political forces influencing the region, such as China and Russia. This article examines the relevance and importance of the China-Central Asia dialog and the extent to which it influences the development of Kyrgyz-Chinese relations. As a result, the directions for the development of bilateral cooperation were identified, and it was noted that the "One Belt, One Road" initiative is the main core of trade, economic and political cooperation.*

***Key words:** Kyrgyzstan, China, dialogue, project, cooperation, regional security, modernization, trade and economic cooperation, political cooperation.*

**Киришүү.** Кытай Борбордук Азия мамлекеттеринин эң башкы стратегиялык өнөктөшү болуп саналат. Бул чөлкөм геосаясий орду, ар түрдүү жаратылыш ресурстарына ээ болушу жана Кытай товарлары үчүн келечектүү рынок катары чоң кызыгуу жаратат. Бүгүнкү күндө Борбордук Азия мамлекеттери менен Кытайдын ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү оң динамикага ээ. Кытай Борбордук Азия мамлекеттеринин ар бири менен эки тараптуу кызматташтыкты бекемдөө менен бирге, бул аймактагы 5 мамлекетти бириктирип, соода-экономикалык, маданий-гуманитардык жана коопсуздук жаатында байланыштарды «Кытай-Борбордук Азия» кызматташуу диалогу форматында өнүктүрүү жолуна кадам таштады.

Кытай менен Борбордук Азия мамлекеттери эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүү менен бирге, көп тараптуу деңгээлде, тагыраак айтканда, эл аралык жана регионалдык уюмдардын алкагында да терең кызматташууда. Атап айтканда, Бириккен Улуттар Уюму, Шанхай кызматташтык уюму, Азиядагы өз ара аракеттенүү жана ишеним чаралары боюнча ке-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



ңешме ж.б. ушул сыяктуу уюмдардын ишмердүүлүгү менен бирге байланыштарын чыңдоодо. Муну менен бирге аймактык коопсуздукту жана туруктуулукту камсыздоо маселелери салттуу түрдө Кытай менен Борбордук Азия мамлекеттеринин тышкы саясатынын негизги багыттарынын бири бойдон калууда десек болот.

Бул макалада «Кытай-Борбордук Азия» диалогунун актуалдуулугу жана мааниси талкууланып, канчалык деңгээлде кыргыз-кытай мамилелеринин өнүгүшүнө тийгизе турган таасирлери аныкталып, «Бир алкак, бир жол» демилгесинин Кыргызстан-Кытай кызматташтыгынын соода-экономикалык жана саясий кызматташтыгынын негизги өзөгү боло тургандыгы далилненет.

**«Кытай-Борбордук Азия» диалогунун мааниси жана актуалдуулугу.** «Кытай-Борбордук Азия» диалог форматындагы кызматташуу 2020-жылы Covid-19 пандемиясы убагында чечкиндүү кадамдар менен башталган. Ошол учурда Кытай Борбордук Азия мамлекеттерине пандемияга каршы күрөшүүдө көп жардамын берип, жемиштүү кызматташтык болгонун айтууга болот. Кытай мамлекетинин тышкы саясатында Борбордук Азия мамлекеттери менен кызматташуу олуттуу роль ойнойт. Андыктан Кытай Борбордук Азия мамлекеттеринин өнүгүүсүн, туруктуулугун колдоп, стратегиялык өнөктөштүктү жогору баалайт жана аны аймактагы тынчтыкты сактоонун тараптары.

2020-жылдын 17-июлунда видеоконференция аркылуу тышкы саясат ведомстволорунун жетекчилери Казакстандан М.Б. Тлеуберди, Кытайдан Ван И, Кыргызстандан Ч.А. Айдарбеков, Тажикстандан С.Мухриддин, Түркмөнстандан Р.О. Мередов жана Өзбекстандан А.Х. Камиловдун катышуусунда «Кытай-Борбордук Азия» министрлеринин биринчи жолугушуусу болуп өттү. «Борбордук Азия-Кытай» жаңы форматынын жана башка механизмдердин алкагындагы өз ара аракеттенүү өзгөчө мааниге ээ жана региондун өлкөлөрүнүн ортосундагы стратегиялык өнөктөштүктү өнүктүрүүдө жана чыңдоодо маанилүү ролду ойной тургандыгы баса белгиленген [1, 1-б.].

2023-жылдын 27-апрелинде Кытайдын Сиань шаарында «Борбордук Азия-Кытай» тышкы иштер министрлеринин 4-жолугушуусу болуп өткөн. Жолугушууда өз ара аракеттенүүнүн артыкчылыктуу багыттары катары айыл чарба, энергетика, транспорт, жашыл жана санариптик экономика, технологиялар сыяктуу чөйрөлөр аныкталып, биринчи саммиттин мазмундук бөлүгү талкуланган [2]. Региондун жалпы экономикалык дараметин тастыктоо менен, региондун дүйнөлүк сооданын маанилүү хабдарынын бирине айлануусу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр бар экени белгиленген. Бул жолугушуунун негизги максаттарынын бири Кытай жана Борбордук Азия мамлекеттеринин башчыларынын алгачкы саммитине даярдык көрүү болду.

Ошентип, 2023-жылдын 18-19-майында Кытайдын Шэньси провинциясынын Сиань шаарында биринчи «Борбордук Азия-Кытай» саммити өттү. Саммиттин жүрүшүндө Борбордук Азия мамлекеттери менен Кытайдын ортосундагы кызматташуу боюнча бир катар макулдашууларга жетишилди «Борбордук Азия-Кытай» саммитинин жыйынтыгында 54 макулдашуу жана кызматташуу демилгеси, 19 механизм жана платформа, ошондой эле 9 көп тараптуу документке кол коюлду. Саммиттин алкагында төмөнкү маанилүү документтерге кол коюлду [3, 1-б.].

- «Борбордук Азия-Кытай» өнөр жай-инвестициялык кызматташуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум
- «Борбордук Азия-Кытай» форматындагы соода-экономикалык кызматташтыкты бекемдөө боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум;
- Борбордук Азия мамлекеттери менен Кытайдын ортосундагы санариптик соода жаатында кызматташуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум;
- «Борбордук Азия-Кытай» форматында инфраструктура жана инженердик курулуш тармагында кызматташууну өнүктүрүүнү алдыга жылдыруу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум;
- «Борбордук Азия-Кытай» айыл чарба министрлеринин жолугушуусунун механизмин түзүү боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум;
- «Борбордук Азия-Кытай» форматында бажы кызматтарынын жетекчилеринин жолугушуусун өткөрүү механизминин иши жөнүндө жобо;
- «Борбордук Азия-Кытай» форматындагы компетенттүү органдардын ортосунда жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн карантиндик алып кирүү жана алып чыгуу жаатындагы техникалык кызматташуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум;
- «Борбордук Азия-Кытай» Ишкер кеңешин түзүүдө кызматташуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум [4, 1-б.].

Саммиттеги негизги баяндамасында Си Цзиньпин «Кытай Борбордук Азия өлкөлөрүнө укук коргоо органдарын, коопсуздукту жана коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоого жардам берүүгө жана алардын аймактык коопсуздукту камсыз кылуу жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча көз карандысыз аракеттерин колдоого даяр» - деди. Саммитте кабыл алынган Сиань декларациясында «Кытай-Борбордук Азия мамлекеттеринин өнүгүү жолун, улуттук көз карандысыздыгын, эгемендүүлүгүн жана аймактык бүтүндүгүн коргоо аракеттерин, алардын көз карандысыз тышкы жана ички саясатын чечкиндүү колдойт» - деп белгиленди [5, 9-б.].

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Бүгүнкү күндө Кытай үчүн Борбордук Азияда диалог форматын өнүктүрүү алда канча жеңил. Анткени кызматташтык программасын атайын иштеп чыгуунун зарылчылыгы жок. Аймакта кызматташуу 28 жылдан бери бар жана акыркы жылдары активдүү өнүгүп келе жатат. Кытай жана Борбордук Азия мамлекеттери эл аралык жана аймактык күн тартибиндеги бир катар актуалдуу маселелер боюнча дал келген же окшош позицияларга ээ. Кытай капиталынын жана инвестицияларынын катышуусу менен аймактын өлкөлөрүндө өнөр жай жана энергетика тармагында ондогон долбоорлор ишке ийгиликтүү ашырылып келе жатат.

Региондогу мамлекеттер менен Кытайдын ортосундагы диалогдун жана кызматташуунун жаңы аянтчасы болгон «Кытай-Борбордук Азия» механизми мамлекеттер арасы достукту жана ишенимди чыңдоого, «Бир алкак-бир жол» демилгесинин алкагында практикалык кызматташтыкты кеңейтүүгө, ошондой эле коопсуздуктун коркунучтарына жана чакырыктарына биргелешип каршы турууда келечектүү болуп саналат.

Заманбап Жибек жолунун бир бөлүгү катары өнүгүп жаткан транспорт коридорлору Борбордук Азияны алыскы рыноктор менен байланыштырып, реалдуу экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү түздү. Бүгүнкү күндө инфраструктуралык өз ара байланыштын жана туруктуу транспорттук архитектуранын интеграцияланган жана көп функционалдуу системасын, автомобиль жана темир жол каттамдарын өнүктүрүү улантылууда. Бул чаралардын баары Европа менен Азиянын ортосундагы стратегиялык транспорттук-экономикалык коридор катары Борбордук Азиянын транзиттик потенциалын бекемдөөгө жардам берет [6, 56-б.].

Жигердүү аймактык диалогдун негизи болуп катышуучу өлкөлөрдүн бири-биринин иштерине кийлигишпөө саналат. Тараптар мамлекеттин улуттук өзгөчөлүктөрүнө ылайык тандалып алынган бири-биринин өнүгүү жолун урматтап, мамлекеттик эгемендүүлүк, коопсуздук жана аймактык бүтүндүк сыяктуу маанилүү кызыкчылыктарга тиешелүү маселелерде колдоо көрсөтүшөт. Кытай бардык Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тышкы соодасында биринчи орундардын бирин ээлейт. Ушул себептен Кытай аталган өлкөлөр менен кызматташуу диалогун тоскоолдуксуз ийгиликтүү жүргүзөт деген ишеним чоң.

**«Кытай-Борбордук Азия» кызматташтык диалогунун өзөгү «Бир алкак-бир жол» долбоору.** «Бир алкак-бир жол» демилгеси аркылуу Кытай Борбордук Азияны дүйнөлүк коомчулукка кайра ачты десек жаңылышпайбыз. Дээрлик 30 жылдын ичинде биринчи ирет бул аймак сырткы аракеттердин объектиси эмес, өзүнүн өнүгүүсүнө таасир этүүчү катышуучуга айланууда. Чыгыш-Батыш транспорттук коммуникацияларга интеграциялануу менен, континенттик обочолонуу проблемасы жоюлат жана аймактык кызматташтык үчүн күчтүү өбөлгөлөр түзүлөт.

Борбордук Азия мамлекеттеринин ичинен Кыргызстан биринчилерден болуп «Бир алкак-бир жол» демилгесин колдоп, ага катышкан. Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан автожолу Борбордук Азиядагы транспорттук байланыштар үчүн барган сайын маанилүү роль ойнойт. «Датка-Кемин» электр өткөрүү линиясынын долбоору Кыргызстанга өлкөнүн бирдиктүү энергетикалык системасын курууга жардам берди. Ош шаардык ооруканасы Борбордук Азиядагы эң ири заманбап хирургиялык оорукана болуп калды. Бишкек шаардык автожол тармагын реконструкциялоо долбоору, Датка-Кемин электр линиясын куруу жана ишке киргизүү, Ош-Баткен-Исфана, Бишкек-Балыкчы жана Бишкек-Нарын-Торугарт автожолдорун реабилитациялоо, Бишкек ЖЭБин модернизациялоо, Кызыл-Кыя шаарында цемент заводунун курулушун аяктоо, «Айылды ирригацияны калыбына келтирүү» долбоору, «Түндүк-Түштүк» альтернативалык жолу «Бир алкак-бир жол» демилгесинин олуттуу жыйынтыктары болуп саналат. Бул долбоор буга чейин Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы практикалык кызматташуунун эң маанилүү аянтчасы болуп калды десек болот [7, 1-б.].

Жалпылап айтканда, Кытай негизинен Кыргызстандын экономикасына да, өзүнүн экономикасына да оң таасирин тийгизүүчү долбоорлорго инвестициялоону көздөйт. «Бир алкак-бир жол» долбоору Кыргызстан үчүн эмгекти жана кызматташтыкты аймактык бөлүштүрүүгө, эл аралык бизнеске жана инвестицияларга, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр соодасын өнүктүрүүгө, ошондой эле жаңы жумушчу орундарды түзүүгө катышуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Кыргызстан Азия-Тынч океан аймагынан Жакынкы Чыгышка жана Европага товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү ташуу үчүн баалуу транспорттук хаб болуу үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүккө ээ. Ушул көз карашта болгон Өзбекстандык саясатчы Рустам Усмановдун айтымында, Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жол долбоорунун ишке ашуусу менен Кашкар-Ош-Ташкент-Серахс-Табриз-Табриз-Стамбул-Варна портторун бири-бирине байланышып, Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан-Түркмөнстан-Иран-Түркия багыты боюнча темир жол транспорту ишке киргизилет. Варна порту жалпы узундугу 5470 километрди түзөт да, «Кытай менен Европанын ортосундагы эң кыска жол» катары учурдагы каттамдарга күчтүү атаандаштык жаратат [ 8, 1-б.].

Демек, «Бир алкак-бир жол» долбоорунун алкагында интенсивдүү экономикалык байланыштар жана экономикалык чөйрөдө орун алган жогорку кыз-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



матташтык узак мөөнөттүү келечекте эки өлкөнүн ортосундагы экономикалык да, саясий да мамилелерди жакшыртат деген ишеним чоң.

**Корутунду.** «Кытай-Борбордук Азия» диалогу региондогу мамлекеттер менен Кытайдын көп жылдык узак убакыттуу кызматташуусунун табигый түрдөгү уландысы болуп саналат. Кытайдын алыскы Евразия рынокторуна умтулуусунун аркасында Борбордук Азия бүгүнкү күндө экономикалык кайра жаралуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Кызматташтыктын бул жаңы форматы Кытай-Борбордук Азия мамилелеринин өнүгүшүнүн динамикасына оң таасирин тийгизет. Кытай үчүн дагы, Борбордук Азия мамлекеттери үчүн дагы социалдык-экономикалык өнүгүү жана коопсуздук маселелеринде стабилдүүлүк алып келе турган кызматташтыктын бул аянтчасы эки тараптуу жана көп тараптуу саясий, соода-экономикалык, маданий-гуманитардык кызматташтыктын өнүгүшүндө маанилүү роль ойнойт.

Жыйынтыктап айтканда, Кытай менен Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүүнүн келечеги Кытайдын «Бир алкак-бир жол» демилгесинин алкагындагы долбоорлорду ишке ашырууга байланыштуу. Кытай менен Борбордук Азия өлкөлөрү өз ара кызыкчылык, жакшы коңшулук жана аймактык туруктуулуктун алкагында иш алып баруу менен мамилелерин чындагысы келет. Бул дүйнөлүк держава болгусу келген Кытайдын саясатына туура келет. Ошол эле учурда өз аймагынын чегинен чыгууну каалаган Борбордук Азия мамлекеттери экономикалык жетишкендиктерин арттырууну, аймактык кызматташтыкты, гүлдөп-өнүгүүнү, стабилдүүлүктү жана коопсуздукту орнотууну, ар тараптуулукту мындан ары да бекемдөөнү максат кылууда деп айтууга болот. Демек, бул формат аймактын өнүгүшү үчүн жагымдуу фактор болуп саналат.

Ал эми Кыргызстан үчүн «Кытай-Борбордук Азия» диалог аянтчасында кызматташтуу өлкөнүн Кытай менен болгон соода-инвестициялык, маданий-гуманитардык, билим, коопсуздук жана энергетика жаатында байланыштарды дагы да бекемдөөгө жол ачат. Айрыкча, Кытайдын «Бир алкак-бир жол» демилгесинин алкагында Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун курулушу сыяктуу ири долбоорлорду ишке ашыруу менен Кыргызстан транспорттук хаб болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Демек, «Кытай-Борбордук Азия» диалог аянтчасында кызматташуу Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө олуттуу оң таасирин тийгизет деп тыянак кылууга болот.

**Адабияттар:**


1. UZ Daily. [Электронный ресурс] https://www.uzdaily.uz/ru/post/77430
2. Ала-Тоо 24. «Кытай - Борбордук Азия» тышкы иштер министрлери жолукту. // [Электронный ресурс]: https:// www.youtube.com/watch?v=ekQ05Sv5puw
3. Кытайдын КРдагы элчилиги. // [Электронный ресурс]: http://kg.chinaembassy.gov.cn/rus/zyxxfb/202305/t20230522_11081206.htm
4. Мир 24. // [Электронный ресурс]: https://e-cis.info/news/568/109189/
5. КНРдин Беларуссиядагы элчилиги, 2023.// http://by.china-embassy.gov.cn/rus/zgxx/202305/t20230519_11080410.htm
6. Суходолов А.Я. Торгово-экономическое сотрудничество китая со странами Центральной Азии. DOI 10.17150/2500-2759.2020.30(1).50-58
7. КНРдин КРдагы Элчилиги. [Электронный ресурс]: http://kg.chinaembassy.gov.cn/rus/zyxxfb/202305/t20230522_11081206.htm
8. Хитакунов Азимжан. // [Электронный ресурс]: https://www.eurasian-research.org/publication/economic-cooperation-between-central-asia-and-china/?lang=ru.
9. The first China-Central Asia Summit October 2023 Volume: 29 Comment: 29 Publisher: IISS [Электронный ресурс]: https://chinastudies.kz/ru/publications/central_asia/354/